# 2025-жылда Кыргыз Республикасынын товарлар менен тышкы жана өз ара соодасы

2025-жылы Кыргыз Республикасындагы товарлар менен тышкы жана өз ара соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 16,7 млрд. АКШ долларга жетти. Товарлар менен тышкы соода жүгүртүүсү 2024-жылга салыштырмалуу 5,3 пайызга төмөндөдү, анын ичинде экспорттук жөнөтүүлөр 1,7 эсеге азайды, ал эми импорттук келип түшүүлөр 9,4 пайызга өстү.

Муну менен бирге 2024-жылга салыштырмалуу соода жүгүртүүнүн көлөмүнүн өсүшү КМШ өлкөлөрү менен - 22,6 пайызга (анын ичинде экспорттун 13,7 пайызга төмөндөшү жана импорттун өсүшү - 39,4 пайызга) белгиленген, ал эми КМШдан тышкаркы өлкөлөр менен 21,6 пайызга төмөндөгөнү (анын ичинен экспорт - 2,5 эсеге, импорт - 7,1 пайызга) байкалган.

Акыркы беш беш жылдын ичинде тышкы товар соодасынын жалпы көлөмүндө экспорттук жеткирүүлөрдүн үлүшү 33,0 пайыздан 18,1 пайызга чейин азайган, ал эми импорттук кирешелердин үлүшү, тескерисинче, 67,0 пайыздан 81,9 пайызга чейин өскөн.

2025-жылы соода балансынын терс сальдосу 10,6 млрд. АКШ долларын түздү (2024-жылы – 7,3 млрд. АКШ долларын түзгөн).

**1-таблица. Кыргыз Республикасынын товарлар менен тышкы жана өз ара соодасы**
*(млн. АКШ доллары)*

| | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 |
|---|---|---|---|---|---|
| Тышкы соода жүгүртүү | 8 332,4 | 12 057,9 | 15 902,7 | 17 631,0 | 16 689,5 |
| Экспорт | 2 752,2 | 2 254,7 | 3 384,8 | 5 141,7 | 3 023,0 |
| Импорт | 5 580,2 | 9 803,2 | 12 517,9 | 12 489,3 | 13 666,5 |
| Сальдо | -2 828,0 | -7 548,5 | -9 133,1 | -7 347,5 | -10 643,5 |

2025-жылы Кыргыз Республикасы дүйнөнүн 168 өлкөсү менен экспорттук-импорттук операцияларды жүргүздү. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын негизги соода өнөктөштөрү Кытай (товар жүгүртүү 4 493,9 млн. АКШ доллары же жалпы жүгүртүүнүн 29,8 пайызы), Россия (4 105,4 млн. АКШ доллары, 24,6 пайызы), Казакстан (2 405,0 млн. АКШ доллары жана 14,4 пайызы), Швейцария (464,6 млн. АКШ доллары жана 2,8 пайызы), Өзбекстан (1 003,5 млн. АКШ доллары жана 6,0 пайызы), Корея Республикасы (508,7 млн. АКШ доллары жана 3,0 пайызы), Түркия (454,5 млн. АКШ доллары жана 2,7 пайызы), Улуу Британия (269,1 млн. АКШ доллары жана 1,6 пайызы)

**1-график. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын товар жүгүртүүсүнүн көлөмүндөгү негизги өнөктөш өлкөлөрдүн үлүшү**
*(жалпы көлөмүнө пайыз менен)*



**Экспорттук жеткирүүлөр.** 2025-жылы экспорттук жеткирүүлөрдүн көлөмү 3 023,0 млн. АКШ долларын түздү жана 2024-жылга салыштырмалуу 1,7 эсеге төмөндөгөн. Алтынды кошпогондо товарлардын экспорту 2 340,1 млн. АКШ долларын түздү жана 2024-жылга салыштырмалуу 11,2 пайызга азайды.

КМШдан тышкаркы өлкөлөргө экспорттук жөнөтүүлөр 2,5 эсеге азайды жана 1 247,9 млн. долларга жетти, ал эми КМШ өлкөлөрүнө 13,7 пайызга төмөндөдү жана 1 775,1 млн. долларды түздү.

2025-жылы экспорттук жеткирүүлөрдүн эң чоң көлөмү Россияга (24,4 пайыз), Казакстанга (15,9 пайыз), Швейцарияга (14,5 пайыз), Өзбекстанга (13,4 пайыз), Улуу Британияга (7,7 пайыз), Кытайга (5,0 пайыз), Бириккен Араб Эмираттарына (4,1 пайыз), Беларусияга (3,3 пайыз), Түркияга (2,5 пайыз) туура келген.

2025-жылы, 2024-жылга салыштырмалуу, алтындын экспорту 3,7 эсеге, трикотаж кездемелердин - 8,7 эсе, бут кийим жана анын бөлүктөрүнүн - 7,6 эсеге, жез таштандыларынын жана сыныктарынын - 2,4 эсеге, тирүү жаныбарлардын - 5,0 эсеге, кокс менен жарым коксдун - 1,6 эсеге, пластмассалар жана алардан жасалган буюмдардын - 13,3 пайызга, жашылча-жемиштердин жана тамырлуу өсүмдүктөрдүн - 20,5 пайызга, мунай заттардын- 20,2 пайызга, мөмө-жемиш менен жаңгактын - 5,3 пайызга азайышы, текстил кийимдеринин - 15,9 пайызга, жабдуулардын жана механикалык түзүлүштөрдүн - 1,5 пайызга, кара металлдардын - 20,0 пайызга, электр машиналарын жана жабдууларынын - 3,5 пайызга төмөндөшү белгиленген.

Ошону менен бирге, кендер жана баалуу металл концентраттары - 2,0 эсеге, нан жана нан буюмдары - 14,0 пайызга, таш көмүр - 6,6 пайызга, лигнит (күрөң көмүр) - 17,3 пайызга, трикотаж кийимдер - 6,2 пайызга, жер үстүндөгү транспорт каражаттары жана алардын бөлүктөрү - 38,3 пайызга жана контролдоо-өлчөө аспаптары жана аппараттары - 9,3 пайызга көбөйдү.

**2-график. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын экспорттук жөнөтүүлөрүнүн жалпы көлөмүндө өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырма салмагы**
*(пайыз менен)*




**Импорттук келип түшүүлөр**. 2025-жылы импорттук кирешелердин көлөмү 2024-жылга салыштырмалуу 9,4 пайызга көбөйүп, 13 666,5 млн. АКШ долларын түздү, анын ичинде КМШ өлкөлөрүнөн – 39,4 пайызга (6 178,9 миллион АКШ доллары), ал эми КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн – 7,1 пайызга (7 487,6 млн. АКШ доллары) азайды.

Республика үчүн товарларды импорттоо боюнча ири соода өнөктөштөрү болуп Кытай калды, анын үлүшүнө 2025-жылы импорттун жалпы көлөмүнүн 35,3 пайызы же 4 821,3 млн. АКШ доллары, Россия - 24,6 пайызы же 3 366,8 млн. АКШ доллар, Казакстан - 14,1 пайызы же 1 924,5 млн. АКШ доллар түздү.

2024-жылга салыштырмалуу импорттун көлөмүнүн өсүшү жемиштерди жана жаңгактарды - 4,8 пайызга, нан жана ун азыктарын - 3,3 эсеге, ар кандай тамак-аш азыктарын - 37,9 пайызга, мунай заттарын - 20,7 пайызга, жаратылыш жана суюлтулган газдарды - 18,7 пайызга, фармацевтикалык продукцияны - 12,2 пайызга, парфюмердик-косметикалык каражаттарды - 18,9 пайызга, пластмасса жана андан жасалган буюмдарды - 34,1 пайызга, жыгач жана андан жасалган буюмдарды - 1,8 эсеге, бут кийим жана анын бөлүктөрүн - 5,9 пайызга, темир жана андан жасалган буюмдарды - 2,0 эсеге, темирден жасалган буюмдарды - 1,9 эсеге, электр машиналары жана жабдууларын - 14,2 пайызга, буудайды - 32,7 пайызга көбөйткөндүктөн камсыз болду.

Муну менен бирге, 2024-жылга салыштырмалуу кийим-кечелердин импорттук түшүмүнүн көлөмү - 26,0 пайызга, жабдуулар жана механикалык түзүлүштөр - 1,5 эсеге, жер үстүндөгү транспорт каражаттары жана алардын бөлүктөрү - 17,7 пайызга төмөндөдү.

**3-график. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын импорттук түшүүлөрдүн жалпы көлөмүндө өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырма салмагы**
*(пайыз менен)*




**Сооданын товардык түзүлүшү.**

Импорттук *товарлардын багытына жараша топтору боюнча бөлүштүрүлүшүндө* орточо багыттагы товарлардын үлүшү чоң - 53,0 пайызды түздү, өткөн жылга салыштырмалуу мындай товарлардын көлөмү 9,7 пайызга көбөйдү. Керектөө товарлары импорттун көлөмүнүн 31,3 пайызын ээледи (2024-жылы - 34,7 пайыз), алардын көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу 1,4 пайызга төмөндөгөн. Инвестициялык багыттагы товарлардын үлүшү 12,3 пайыздан (2024-жылы) 15,7 пайызга жетти жана алардын көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу 38,9 пайызга өскөн.

Экспорттук товарларды жеткирүү төмөнкүчө бөлүштүрүлдү: инвестициялык товарлардын үлүшү 5,6 пайыздан (2024-ж.) 10,1 пайызга чейин өскөн жана мындай товарлардын көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу 6,4 пайызга өскөн; ортомчу товарлардын бөлүгү 13,1 пайыздык пунктка төмөндөдү жана сатуу көлөмү 2,0 эсеге кыскарган; керектөө товарларынын үлүшү 8,6 пайыздык пунктка өсүп, 25,3 пайызга жетти, ал эми керектөө товарларынын экспортунун көлөмү 10,6 пайызга азайды.

**2-таблица. Максатына жараша товарлар топтору боюнча экспорт жана импорт көлөмдөрү**

*(млн. АКШ доллары)*

| | Соода көлөмү | | 2025-ж. 2024-ж. карата, % менен | Салмактык үлүшу, % | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2024 | 2025 | | 2024 | 2025 |
| **Импорт** | **12 489,3** | **13 666,5** | **109,4** | **100** | **100** |
| анын ичинен: | | | | | |
| инвестициялык товарлар | 1 541,1 | 2 139,9 | 138,9 | 12,3 | 15,7 |
| ортомчу товарлар | 6 613,3 | 7 254,0 | 109,7 | 53,0 | 53,0 |
| турмуш-тиричилик (керектөө) товарлары | 4 333,9 | 4 271,6 | 98,6 | 34,7 | 31,3 |
| **Экспорт** | **5 405,8** | **3 023,0** | **55,9** | **100** | **100** |
| анын ичинен: | | | | | |
| инвестициялык товарлар | 287,5 | 305,9 | 106,4 | 5,6 | 10,1 |
| ортомчу товарлар | 3 997,3 | 1 951,1 | 48,8 | 77,7 | 64,6 |
| турмуш-тиричилик (керектөө) товарлары | 857,0 | 766,0 | 89,4 | 16,7 | 25,3 |

*Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар чөйрөсүндөгү товарлар* 2025-жылы жалпы соода көлөмүндө импорттун көлөмүндө 4,0 пайызды түздү (2024-жылга салыштырмалуу - 0,3 пайыздык пунктка төмөндөө), экспорттун көлөмүндө - 3,9 пайызды (2024- жылга салыштырганда 1,7 пайыздык пункттарга өстү). Ошол эле мезгилде, 2024-жылга салыштырмалуу коммуникациялык жабдуулардын үлүштүк салмагы импортто - 0,3 пайыздык пунктка жана экспортто - 1,5 пайыздык пунктка өсүшү байкалды.

**3-таблица. Маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар (МКТ) товарларынын экспортунун жана импортунун товардык түзүмү**

*(млн. АКШ доллары)*

| | Соода көлөмү | | 2025-ж. 2024-ж. карата, % менен | Салмактык үлүшу, % | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2024 | 2025 | | 2024 | 2025 |
| **Импорт** | **12 489,3** | **13 666,5** | **109,4** | **100** | **100** |
| анын ичинен: | | | | | |
| МКТ товарлары | 538,2 | 542,2 | 100,7 | 4,3 | 4,0 |
| анын ичинен: | | | | | |
| Компьютердик жана перифериялык жабдуулар | 134,4 | 134,7 | 100,2 | 1,1 | 1,0 |
| Коммуникациялык жабдуулар (электр байланышынын жабдуулары) | 251,2 | 307,6 | 122,5 | 2,0 | 2,3 |
| Турмуш-тиричилик электроникасы (аудио жана видео жабдуулар) | 32,7 | 25,4 | 77,4 | 0,3 | 0,2 |
| Башка электрондук компоненттер жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) тармагындагы товарлар | 119,9 | 74,5 | 62,2 | 1,0 | 0,5 |
| **Экспорт** | **5 141,7** | **3 023,0** | **58,8** | **100** | **100** |
| анын ичинен: | | | | | |
| МКТ товарлары | 111,3 | 118,2 | 106,2 | 2,2 | 3,9 |
| анын ичинен: | | | | | |
| Компьютердик жана перифериялык жабдуулар | 6,0 | 11,0 | 183,1 | 0,1 | 0,4 |
| Коммуникациялык жабдуулар (электр байланышынын жабдуулары) | 92,8 | 100,0 | 107,8 | 1,8 | 3,3 |
| Турмуш-тиричилик электроникасы (аудио жана видео жабдуулар) | 4,9 | 1,4 | 28,3 | 0,1 | 0,0 |
| Башка электрондук компоненттер жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) тармагындагы товарлар | 7,6 | 5,8 | 76,5 | 0,1 | 0,2 |

# 2025-жылы Кыргыз Республикасынын ЕАЭБнын мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодасы

2025-жылы Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодасынын өлкөнүн жалпы соода көлөмүндөгү үлүшү 40,7 пайызды түздү (2024-жылы – 31,2 пайыз), анын ичинде экспортто – 43,8 пайыз (2024-жылы - 32,9 пайыз), импортто – 40,0 пайыз (2024-жылы - 30,5 пайыз) түздү.

Кыргыз Республикасынын ЕАЭБнын мүчө-мамлекеттери менен өз ара соодасында Россия (60,5 пайызды) жана Казакстан (35,4 пайызды) ири соода өнөктөштөр болуп саналат.

**4-таблица. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын ЕАЭБнын мүчө-мамлекеттери менен өз ара соода жүгүртүүсүнүн көлөмү**
*(млн. АКШ доллары)*

| | Тышкы соода жүгүртүү | Экспорт | Импорт | 2024-жылга карата пайыздык менен | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | тышкы соода жүгүртүү | экспорт | импорт |
| **Бардыгы** | **16 689,5** | **3 023,0** | **13 666,5** | **94,7** | **58,8** | **109,4** |
| ЕАЭБ өлкөлөрү | **6 788,6** | **1 322,9** | **5 465,7** | **123,4** | **78,3** | **143,4** |
| Армения | 7,7 | 3,5 | 4,3 | 307,7 | 977,6 | 198,1 |
| Беларусь | 270,5 | 100,3 | 170,2 | 202,2 | 228,7 | 189,4 |
| Казакстан | 2 405,0 | 480,6 | 1 924,4 | 163,2 | 97,2 | 196,6 |
| Россия | 4 105,4 | 738,5 | 3 366,8 | 105,5 | 64,1 | 122,9 |

2025-жылы Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ мүчө мамлекеттерине *экспорттук жеткирүүлөрү* 2024-жылга салыштырмалуу 21,7 пайызга төмөндөп, 1 322,9 млн. АКШ долларын түздү. ЕАЭБ өлкөлөрүнө товар экспортунун үлүштүк салмагы 2024-жылы 32,9 пайыздан 43,8 пайызга чейин өстү.

ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмүнүн төмөндөшү трикотаж кездемелерин - 10,1 эсеге, эт жана эт азыктарын - 2,7 эсеге, кокс жана жарым кокс - 1,6 эсеге, кара металлдан жасалган буюмдарды - 24,3 пайызга, бут кийимди - 2,1 эсеге, жашылча жана тамырлуу өсүмдүктөрдү - 1,8 эсеге, кара металлдарды - 1,7 эсеге, парфюмерия жана косметика каражаттарын - 2,0 эсеге, жез сыныктарын жана калдыктарын - 2,4 эсеге, пластмасса жана андан жасалган буюмдарды - 25,9 пайызга, текстиль кийимдерин - 16,6 пайызга, жабдууларды жана механикалык түзүлүштөрдү - 1,1 пайызга, электр машиналары жана жабдууларын - 21,3 пайызга, айнек жана андан жасалган буюмдарды - 3,2 пайызга азайышы менен шартталган.

Айрым товарларды алып чыгуунун көлөмүнүн төмөндөшү менен катар сүт жана сүт азыктарынын - 3,2 пайызга, трикотаж кийимдеринин - 5,1 пайызга, жер үстүндөгү транспорт каражаттарынын жана алардын бөлүктөрүнүн - 1,5 эсеге, баалуу металл кендеринин жана концентраттарынын - 29,1 пайызга, керамикалык буюмдардын - 15,1 пайызга жана нан менен ун кондитердик буюмдардын - 11,5 пайызга, контролдоо-өлчөө аспаптары менен аппараттардын - 11,4 пайызга өсүшү байкалган.

2025-жылы ЕАЭБ мамлекеттеринен *товарларды импорттук түшүүлөрү* 5 465,7 млн. АКШ долларына бааланып, мурунку жылга салыштырмалуу 43,4 пайызга жогорулады.

Муну менен бирге, ЕАЭБ өлкөлөрүнөн келген товарлардын наркынын үлүштүк салмагы жалпы импорттолгон товарлардын көлөмүнүн 40,0 пайызын түздү (2024-жылы – 30,5 пайызы).

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттеринен Кыргыз Республикасына негизинен мунай заттары - 1 242,1 млн. АКШ долларына (товар тобунун үлүшү Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ мүчө-мамлекеттеринен жалпы импортунун 22,7 пайызын түзгөн), жаратылыш жана суюлтулган газ – 160,7 млн. долларга (2,9 пайыз), кара металлдар - 798,5 млн. долларга (14,6 пайыз), жыгач жана андан жасалган буюмдар - 158,0 млн. долларга (2,9 пайыз), кара металлдан жасалган буюмдар - 164,2 млн. долларга (3,0 пайыз), буудай - 93,1 млн. долларга (1,7 пайыз), ун - 66,3 млн. долларга (1,2 пайыз), тамеки буюмдары - 100,5 млн. долларга (1,8 пайыз), күн карама майы - 71,2 млн. долларга (1,3 пайыз), нан жана ун азыктары - 159,5 млн. долларга (2,9 пайыз), шоколад жана курамында какао бар башка даяр тамак-аш азыктары - 79,4 млн. АКШ долларына (1,5 пайыз) ташылып келген.

# Кыргыз Республикасынын 2025-жылда кызмат көрсөтүүлөрүнүн тышкы соодасы

Кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соода жүгүртүүсү (алдын ала маалыматтар боюнча) 2024-жылы 6 665,2 млн. АКШ долларын түздү жана 2024-жылга салыштырмалуу 4,4 пайызга өстү, ушул эле учурда КМШдан тышкаркы өлкөлөр менен тышкы соода жүгүртүү 22,6 пайызга төмөндөп жана 1 737,8 млн. АКШ долларын түздү, ал эми КМШ өлкөлөрү менен 19,1 пайызга жогорулап жана 4 927,4 млн. АКШ долларын түздү.

2025-жылы эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдүн теңдеми оң түптөлүп, 429,8 млн. АКШ долларын түздү.

**5-таблица. Кыргыз Республикасынын 2025-жылда кызмат көрсөтүүлөрүнүн тышкы соода жүгүртүүсү**
*(млн. АКШ доллары)*

| | Бардыгы | | КМШ өлкөлөрү | | КМШдан тышкаркы өлкөлөр | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн. АКШ доллары | жалпы көлөмүнө карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | жалпы көлөмүнө карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | жалпы көлөмүнө карата пайыз менен |
| **Кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соода жүгүртүүсү** | **6 665,2** | **100** | **4927,4** | **100** | **1737,8** | **100** |
| Экспорт | 3547,5 | 53,2 | 2945,3 | 59,8 | 602,2 | 34,7 |
| Импорт | 3117,7 | 46,8 | 1982,1 | 40,2 | 1135,6 | 65,3 |
| Сальдо | 429,8 | | 963,2 | | -533,4 | |

2025-жылы 2024-жылга салыштырмалуу кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соодасында КМШ өлкөлөрүнүн салыштырмалуу салмагынын 9,1 пайыздык пунктка өсүшү белгиленген (КМШ өлкөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорттук көлөмдөрүнүн - 21,8 пайызга, импорт - 15,3 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен).

2025-жылы Кыргыз Республикасы кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соодасы 151 дүйнө өлкөлөрү менен кызмат жүргүзгөн. Ошол эле учурда, 62 өлкөнүн ишкердик субъектилерине олуттуу көлөмдө кызматтар көрсөтүлүп, 89 мамлекеттен кызматтар импорттолгон.

**4-график. Кызмат көрсөтүүлөрдүн тышкы соодасы**
*(млн.АКШ доллары )*



**6-таблица. 2025-жылы түрлөрү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту**
*(млн. АКШ доллары)*

| | 2024 | 2025 | 2025-ж./2024-ж. карата % менен | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2024 | 2025 |
| Бардыгы | **2 952,9** | **3 547,5** | **120,1** | **100** | **100** |
| анын ичинен түрлөрү боюнча: | | | | | |
| Транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 483,2 | 441,1 | 91,3 | 16,4 | 12,4 |
| Туристтик кызмат көрсөтүүлөр (кыдыруулар) | 866,1 | 1 186,0 | 136,9 | 29,3 | 33,4 |
| Техникалык тейлөө жана оңдоо кызматтары | 3,8 | 52,7 | 1395,6 | 0,1 | 1,5 |
| Курулуш кызматтары | 44,7 | 50,6 | 113,2 | 1,5 | 1,4 |
| Камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо кызматтары | 0,0 | 1,7 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Финансылык кызматтар | 196,1 | 556,8 | 284,0 | 6,6 | 15,7 |
| Телекоммуникациялык, компьютердик жана информациялык кызматтар | 383,6 | 152,3 | 39,7 | 13,0 | 4,3 |
| Интеллектуалдык менчик объектилерин пайдалануу үчүн кызматы | 11,3 | 123,6 | 1093,8 | 0,4 | 3,5 |
| Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | 103,7 | 498,3 | 480,5 | 3,5 | 14,0 |
| Маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү жана жеке адамдарга кызмат көрсөтүүлөр | 8,3 | 5,7 | 68,5 | 0,3 | 0,2 |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрү | 0,5 | 2,2 | 440,0 | 0,0 | 0,1 |
| Түрлөрү боюнча бөлүнбөгөн кызмат | 851,2 | 475,6 | 55,9 | 28,8 | 13,4 |

2025-жылы *кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы экспортунун көлөмү* 3 547,5 млн АКШ долларын түздү жана 2024-жылга салыштырмалуу 594,6 млн АКШ долларына көбөйдү (20,1 пайызга өсүү).

Экспортто негизги кызмат көрсөтүүлөрдүн бири, туристтик кызмат көрсөтүүлөр (кыдыруулардын) экспорттун жалпы көлөмүндө 33,4 пайызын же 1 186,0 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу 36,9 пайызга өстү. Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр экспорттун жалпы көлөмүндө үлүшү 12,4 пайызды же 441,1 млн. АКШ долларын түздү жана 2024-жылга салыштырмалуу транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 8,7 пайызга азайды. Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү 15,7 пайызга өсүп, 556,8 млн АКШ долларына жеткен, бул 2024-жылга салыштырмалуу 2,8 эсеге көбөйдү. Телекоммуникациялык, компьютердик жана информациялык кызматтардын үлүшү 4,3 пайызды же 152,3 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу алардын көлөмү 2,5 эсеге төмөндөдү.

**5-график. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн экспортунда айрым өлкөлөрдүн салыштырма салмагы**
*(пайыз менен)*



**7-таблица. 2025-жылы түрлөрү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту**
*(млн. АКШ доллары)*

| | 2024 | 2025 | 2025-ж./2024-ж. карата % менен | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2024 | 2025 |
| **Бардыгы** | **3 429,4** | **3 117,7** | **90,9** | **100** | **100** |
| анын ичинен түрлөрү боюнча: | | | | | |
| Транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 1 253,6 | 1 093,8 | 87,3 | 36,6 | 35,1 |
| Туристтик кызмат көрсөтүүлөрү (кыдыруулар) | 655,5 | 595,2 | 90,8 | 19,1 | 19,1 |
| Техникалык тейлөө жана оңдоо кызматтары | 14,0 | 11,4 | 81,5 | 0,4 | 0,4 |
| Курулуш кызматтары | 40,2 | 108,6 | 270,0 | 1,2 | 3,5 |
| Камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо кызматтары | 1,6 | 17,1 | 1053,5 | 0,0 | 0,5 |
| Финансылык кызматтар | 389,2 | 544,0 | 139,8 | 11,3 | 17,4 |
| Телекоммуникациялык, компьютердик жана информациялык кызматтары | 124,1 | 112,6 | 90,7 | 3,6 | 3,6 |
| Интелектуалдык менчик объектилерин пайдалануу үчүн жыйындар кызматы | 77,1 | 38,3 | 49,7 | 2,2 | 1,2 |
| Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | 282,0 | 176,8 | 62,7 | 8,2 | 5,7 |
| Маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү жана жеке адамдарга кызмат көрсөтүүлөр | 9,5 | 9,6 | 101,4 | 0,3 | 0,3 |
| Мамлекеттик кызматтар көрсөтүүлөрү | 54,1 | 25,1 | 46,5 | 1,6 | 0,8 |
| Түрлөрү боюнча бөлүнбөгөн кызмат көрсөтүүлөрү | 528,4 | 385,2 | 71,5 | 15,6 | 12,3 |

2025-жылы *кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун* жалпы көлөмү 3 117,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түзүлдү жана 2024-жылга салыштырмалуу 9,1 пайызга азайды.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун жалпы көлөмүндө транспорттук кызмат көрсөтүүлөргө 35,1 пайызы же 1 093,8 млн. АКШ доллары туура келди, 2024-жылга салыштырмалуу 12,7 пайызга азайды. Туристтик кызмат көрсөтүүлөр (кыдыруулар) импорттун жалпы көлөмүндө 19,1 пайызын же 595,2 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу көлөмү 9,2 пайызга төмөндөдү. Финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү 17,4 пайызга өсүп жана 544,0 млн.долларга жетти, 2024-жылга салыштырмалуу 39,8 пайызга көбөйдү. Телекоммуникациялык, компьютердик жана информациялык кызматтар үлүшү 3,6 пайызды же 112,6 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу алардын көлөмү 9,3 пайызга азайды. Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү 5,7 пайызга азайып, 176,8 млн. АКШ долларын түздү, 2024-жылга салыштырмалуу алардын көлөмү 1,6 эсеге төмөндөдү. Курулуш кызмат көрсөтүүлөрүнүн үлүшү 3,5 пайызга чейин өсүп, 108,6 млн. АКШ долларын түзүп жана 2024-жылга салыштырмалуу алардын көлөмү 2,7 эсеге жогорулады.

**6-график. 2025-жылы кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунда негизги өнөктөш өлкөлөрдүн салыштырма салмагы**
*(пайыз менен)*



**2025-жылы Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ өлкөлөрү менен кызмат көрсөтүүлөрүнүн тышкы соода жүгүртүүсү** 4 041,5 млн.АКШ долларын түзгөн жана 2024-жылга салыштырмалуу 14,8 пайызга жогорулады, анын ичинде Россия менен - 2 949,2 млн. АКШ долларын (9,8 пайызга өскөн), Казакстан менен 1 036,5 млн. АКШ долларын (30,4 пайызга өскөн), Беларусь менен – 46,0 млн. АКШ доллар (30,1 пайызга жогорулады) жана Армения менен - 9,9 млн. АКШ долларын түзүп 1,6 эсеге өскөн.

ЕАЭБ өлкөлөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн товар жүгүртүүсүнүн салыштырма салмагынын 2024-жылга салыштырмалуу үлүшү 5,5 пайызга жогорулады.

**8-таблица. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ өлкөлөрү менен кызмат көрсөтүүлөрүнүн тышкы соода жүгүртүүсү**

*(млн. АКШ доллары)*

| | Тышкы соода жүгүртүү | | Экспорт | | Импорт | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | млн. АКШ доллары | жалпы көлөмгө карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | жалпы көлөмгө карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | жалпы көлөмгө карата пайыз менен |
| **Бардыгы** | **6 665,2** | **100,0** | **3 547,5** | **100,0** | **3 117,7** | **100,0** |
| **ЕАЭБ өлкөлөрү** | **4 041,5** | **60,6** | **2 321,9** | **65,5** | **1 719,6** | **55,2** |
| Россия | 2 949,2 | 44,2 | 1 706,1 | 48,1 | 1 243,1 | 39,9 |
| Казакстан | 1 036,4 | 15,5 | 603,6 | 17,0 | 432,8 | 13,9 |
| Беларусь | 46,0 | 0,7 | 6,7 | 0,2 | 39,3 | 1,3 |
| Армения | 9,9 | 0,1 | 5,5 | 0,2 | 4,4 | 0,1 |

*ЕАЭБ өлкөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту* 2025-жылы 2 321,9 млн. АКШ долларын түздү жана 2024-жылга салыштырмалуу 17,3 пайызга көбөйгөндүгү белгиленди. Экспорттун көлөмүнүн өсүшү Россияга кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун - 9,5 пайызга, Казакстанга - 1,5 эсеге, Армения - 1,5 эсеге өсүшү белгиленип, ошол эле учурда Беларусь менен 1,5 эсеге экспорттун көлөмү төмөндөдү.

ЕАЭБ өлкөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортунун жалпы көлөмүндө туристтик кызмат көрсөтүүлөрү (кыдыруулар) экспорттун жалпы көлөмүндө 22,6 пайызын же 523,7 млн.АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырганда 44,4 пайызга жогорулады. Финансылык кызматтар 22,3 пайызын же 518,3 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырганда кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 4,0 эсеге өскөн. Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү 16,3 пайызды же 378,3 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырмалуу алардын көлөмү 6,6 эсеге жогорулады. Транспорт кызмат көрсөтүүлөрү 13,5 пайызды же 313,4 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырганда кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 14,6 пайызга төмөндөдү.

*ЕАЭБ өлкөлөрүнөн кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту* 2025-жылы 1 719,6 млн. АКШ долларын түздү жана 2024-жылга салыштырганда 11,5 пайызга жогорулады, анын ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун көлөмү Россиядан – 10,3 пайызга, Казакстандан - 11,6 пайызга, ал эми Беларустан - 1,6 эсеге, Армениядан -1,8 эсеге жогорулаган.

ЕАЭБ өлкөлөрүнө кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун жалпы көлөмүндө туристтик кызмат көрсөтүүлөрү (кыдыруулар) импорттун жалпы көлөмүндө 20,7 пайызын же 355,8 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырганда 6,6 пайызга төмөндөгөн. Финансылык кызмат көрсөтүү үлүшү 24,6 пайызын жана 422,5 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырганда 2,5 эсеге жогорулаган. Импорттын жалпы көлөмүндө транспорттук кызматтардын үлүшү 36,1 пайызды, же 620,9 миллион АКШ долларын түздү. 2024-жылга салыштырмалуу транспорттук кызматтардын көлөмү 7,0 пайызга азайган. Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөрүнүн үлүшү 3,3 пайызын жана 56,5 млн. АКШ долларын түзүп, 2024-жылга салыштырганда 1,8 эсеге төмөндөгөн. Импорттук кызмат көрсөтүүлөрдө курулуш кызматтары (2,4 эсеге), телекоммуникациялык, компьютердик жана информациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн (6,2 пайызга) төмөндөшү байкалган.

**9-таблица. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ өлкөлөрү менен түрлөрү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн экспорту**
*(млн. АКШ доллары)*

| | 2024 | 2025 | 2025-ж./2024-ж. карата % менен | Жыйынтыкка карата % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2024 | 2025 |
| Бардыгы | **1 979,6** | **2 321,9** | **117,3** | **100** | **100** |
| анын ичинен түрлөрү боюнча: | | | | | |
| Транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 366,9 | 313,4 | 85,4 | 18,5 | 13,5 |
| Туристтик кызмат көрсөтүүлөрү (кыдыруулар) | 362,6 | 523,7 | 144,4 | 18,3 | 22,6 |
| Техникалык тейлөө жана оңдоо кызматтары | 1,1 | 0,5 | 49,4 | 0,1 | 0,0 |
| Курулуш кызматтары | 8,0 | 10,4 | 130,9 | 0,4 | 0,4 |
| Камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо кызматтары | 0,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Финансылык кызматтар | 130,4 | 518,3 | 397,5 | 6,6 | 22,3 |
| Телекоммуникациялык, компьютердик жана информациялык кызматтары | 328,9 | 88,5 | 26,9 | 16,6 | 3,8 |
| Интелектуалдык менчик объектилерин пайдалануу үчүн жыйындар кызматы | 8,7 | 120,6 | 1380,4 | 0,4 | 5,2 |
| Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | 57,4 | 378,3 | 659,5 | 2,9 | 16,3 |
| Маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү жана жеке адамдарга кызмат көрсөтүүлөр | 5,3 | 4,7 | 87,9 | 0,3 | 0,2 |
| Мамлекеттик кызматтар көрсөтүүлөрү | 0,3 | 0,4 | 142,1 | 0,0 | 0,0 |
| Түрлөрү боюнча бөлүнбөгөн кызмат | 709,6 | 362,2 | 51,0 | 35,8 | 15,6 |

**10-таблица. 2025-жылы Кыргыз Республикасынын ЕАЭБ өлкөлөрү менен түрлөрү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн импорту**
*(млн. АКШ доллары)*

| | 2024 | 2025 | 2025-ж./2024-ж. карата % менен | Жыйынтыкка карата % менен | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2024 | 2025 |
| Бардыгы | **1 542,1** | **1 719,6** | **111,5** | **100** | **100** |
| анын ичинен түрлөрү боюнча: | | | | | |
| Транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 667,8 | 620,9 | 93,0 | 43,3 | 36,1 |
| Туристтик кызмат көрсөтүүлөр (кыдыруулар) | 381,0 | 355,8 | 93,4 | 24,7 | 20,7 |
| Техникалык тейлөө жана оңдоо кызматтары | 4,4 | 5,7 | 129,3 | 0,3 | 0,3 |
| Курулуш кызматтары | 4,3 | 1,8 | 41,3 | 0,3 | 0,1 |
| Камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо кызматтары | 0,0 | 2,8 | 0,0 | 0,0 | 0,2 |
| Финансылык кызматтар | 171,3 | 422,5 | 246,6 | 11,1 | 24,6 |
| Телекоммуникациялык, компьютердик жана информациялык кызматтары | 66,4 | 62,3 | 93,8 | 4,3 | 3,6 |
| Интелектуалдык менчик объектилерин пайдалануу үчүн жыйындар кызматы | 9,9 | 9,2 | 92,7 | 0,6 | 0,5 |
| Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | 101,9 | 56,5 | 55,5 | 6,6 | 3,3 |
| Маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү жана жеке адамдарга кызмат көрсөтүүлөр | 2,1 | 5,1 | 245,2 | 0,1 | 0,3 |
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрү | 0,0 | 0,2 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Түрлөрү боюнча бөлүнбөгөн кызмат | 133,1 | 176,9 | 132,8 | 8,6 | 10,3 |